**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын**
**IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/2**

2025-жылдын 11-сентябры — Жаңы-Арык айылы

**“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу**

Айылдын өнүгүүсүнө салым кошкон тургундардын эмгегин даңазалоо, коомдук иштерге активдүү катышууга дем берүү жана жаштарга үлгү болуучу салтты калыптандыруу максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Айыл аймагынын “Ардактуу атуул”наамы жөнүндө ЖОБО бекитилсин (тиркеме тиркелет);
2. Ушул Жобого ылайык айыл аймагынын “Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу маселелери айылдык кеңештин сессиясында каралсын;
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айылдык кеңешинин регламент, депутаттык этика, мандат жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**